ИТИКУЛ МОЛДОБАЕВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ
ЧЫГЫШ № 01-281
« 11 » март 2022

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун, үй-бүлөлүк зордук зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын алуу багытында Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин 7-8-9-10-11-классынын окуучуларынын ата-энелеринин катышуусундагы чогулуштун протоколу.**

09-март 2022-жыл Жерге-Тал айылы

**Катышты:** 29 ата эне
**Жыйындын прездиуму:**
Эсеналиев К.А. – Райондук Билим Берүү бөлүмүнүн башчысы
Осмоналиев М.М. – Райондук Ички Ичтер Бөлүмүнүн милициянын полковниги
Жолболдиев Ө.А. – Райондук Прокуратуранын тергөөчүсү
Исмаилов К.Б. – Улуттук коопсуздук комитетинин өкүлү
Осмонов Б.Ж. – Социалдык коргоо башкармалыгынын орун басары
Нурманбетова Г.М. – Райондук Билим берүү бөлүмүнүн адиси
Саякбаева Н.Ш. – Мектеп директору

Чогулушту мектеп директору Саякбаева Н.Ш. ачты.
**Саякбаева Н.Ш.:-** Саламатсыздарбы ата-энелер. Бизге Райондук билим берүү бөлүмүнөн, прокуратурадан, Ички Иштер бөлүмүнөн, улуттук коопсуздук кызматынан, социалдык коргоо башкармалыгынан өкүлдөр келип, зордук зомбулуктун алдын алуу, кылмыштуулукту болтурбоо, баланы туура тарбиялоо боюнча чогулуш өтөт. Активдүү катышыңыздар.

**Нурманбетова Г.М. : -** Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер. Апаларды жаз майрамы менен куттуктайм. Биз жылда эле №390 токтомдун негизинде сиздер менен жолугушуу өткөрүп келебиз. Биздин сиздер менен жолугуудагы максатыбыз зордук – зомбулуктун алдын алуу, суицид , эрте никеге туруу ж.б. нерселерди болтурбоо үчүн окуучулар менен эмес ата-эне, коомчулук менен иш алып баруу зарылдыгынан болуп жатат.

**Эсеналиев К.А. : -**Саламатсыздарбы. Сиздердин мектеп чакан болгондуктан жыйналыш ашкана залында өтүүгө туура келээрин коноктторго түшүндүрө кетейин . Жылда сиздер менен жолугуп, кылмыштуулуктун алдын алуу, балдарды туура тарбиялоо темаларында баарлашып келе жатабыз. "Тарбия башаты – үй-бүлө" демекчи, мектептен тарбия эмес, билим берилет. Бир жуманын беш күнү окуу күнү болсо, беш күн бою билим эле берилиш керек. Ал эми тарбия үйдөн берилет. Бүгүнкү күндө коом тарбиясыз болуп баратат. Бала кылмыш кылса, мугалимди күнөөлөйсүздөр. Мугалимге карата сый урматты ата-эне берет. Баланын билимге болгон кызыгуусун жок кылып алып жатабыз. буларды айтып жаткан себебим, мугалимдин статусун сыйлаңыздар. Таалим - тарбия, адеп – ахлактын үстүндө иштешибиз керек. Сиздердин айылда зордук зомбулук, кылмыштуулук жок. Бирок балдар психикага терс таасир этүүчү тамеки, насвай чегип, ичимдик ичип, клей жыттап жаткан учурлар кездешип жатат. Ушундай түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, сиздер менен дагы да жыкшылап иштешүү керек болуп жатат. Балдарды социалдык тармактардан сактайлы. Баланы унутуп калдык. Телефон менен алек болуп жатабыз. Ата-энелер үй-бүлөлүк тарбияга багыт алалы.

**Осмонов Б.Ж.: -** Биз социалдык коргоо башкармалыгы ата-энелеринен ажырап калган, майыптыгы бар балдар менен иш алып барабыз. Ар бир ата-эне өзүбүз билимдүү болушубуз керек. Бала өзүнүн ичиндеги сырын ишенимдүү адамына айта алат. Балдарды басынуудан, стресстен сакташ керек. Балдар- биздин келечегибиз деп ушундай иш чараларды уюштуруп жатабыз. Жалпы өспүрүм балдардын 27%ы зордук зомбулукка

кабылат, анын 8%ы өз өмүрүн кыят, 6%ы ичкиликке берилет, 6%ы депрессияга чалдыгат. Зомбулуктун үч түрү бар: физикалык, моралдык, сексуалдык. Ошол үчүн балдар стрессин, басынуусун, жек көрүүсүн ичине сактабашы керек. Баланын ички сезимин түшүнө билишибиз керек.

**Осмоналиев М.М. :-** Бүгүнкү иш чаранын максаты: зордук зомбулукка ким кабылат? Көбүнчө мигранттардын балдары кабылат. Өспүрүмдөр арасында рекетчилик шаар жериндеи көбүрөөк байкалат. Мектепте рекетчилик болгон үчүн кылмышка кабылат. 14 жаштан баштап мыйзам алдында жооп берет. Кылмышка кабылган баланын кылмышка багыт алуусу уюлдук телефондон башталат. "Синий кит" деген оюнда кандай көп өз өмүрүнө кол салуулар болгон. Баланын телефонун текшерип туруу керек. Дасторкондо отурганда таалим тарбия берүүчү сөздөрдү сүйлөшөлү. Жаш өспүрүмдөрдүн келечеги өз колуңуздарда. Кечки саат 9дан кийин балдарды көчөгө чыгарбаңыздар. Балага ким келип жатат, кайда жүрөт деп көзөмөл кылыңыздар. Кылмыш кылгандан кийин кеч болуп калат. Баланын келечегине балта чабылат. Окуучуну коом тарбиялайт. Милицияга, мугалимге түртө салып отура бербеңиздер. Чогуу иш алып баралы.

**Жолболдуев Ө.А.: -** Прокуратуранын тергөөчүсү мыйзамдын үстөмдүгүн, мыйзамдын аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Баланын укуктарынын корголушун көзөмөлдөйт. Бойго жете элек балдардын никеге туруусу, башка диний агымдарга кошулуп кетүүсүн көзөмөлдөп турсаңыздар. Бала кылмыш кылбашы үчүн баланы туура жолго салып тарбиялоо ар бир ата-эненин милдети.

**Исмаилов К.Б. : -** Негизги маселе диний экстремизм. Окуучуларга диний билим жетишсиз. Балдарды ата-энелер көбүрөөк көзөмөлдөш керек. Ким менен сүйлөшөт, телефондон кандай сайттарга кирип жатат деп байкап туруңуздар. Диний билим керек болсо билимдүү дин өкүлдөрүнө кайрылсаңыздар болот. Кичинекей бала чоочун адамдардын үгүттөөсүнө кирип, башка агымга багыт алуусу толук мүмкүн. Туура эмес динге тартып жаткан адамды көрсөңүздөр Ички Иштер Бөлүмүнө кабарлап коюңуздар деп суранат элем.

**Эсеналиев К.А.** :- Коррупцияга каршы күрөшүү үчүн сиздердин жардамыңыздар керек. Мугалимге белек берүү деген маселени токтотуңуздар. Буга катуу чара көрүлөт. Мугалим тарабынан кыйноо болсо түз эле байланыш телефондоруна кайрылыңыздар. "Алиппе майрам", "Акыркы коңгуроо" деген иш чараларды майрамга айлантып алдык. Муну да сиздердин жардамыңыздар менен жоёлу.
Ата-энелер жарыш сөзгө чыгышты.

**Бектурганов М.: -** Ушундай жыйындарды көбүрөөк кылып турсаңыздар. Мен өзүм жетим өскөм. Чоң энемдин колунда чоңойдум. Азыркы балдар башкача. Алардын бузулушуна телефон күнөөлүү болуп жатат. Интернеттин, технологиянын заманы болуп калбадыбы. Ким баласын жаман болсун десин. Балдар билбестиктен жаман иштерге кабылып калып жатат. Андай кырдаалга туш келбесин десек биргелешип иш кылган туура болот.

**Окенаева Г.:-** Саламатсыздарбы. Сиздер да убактыңыздарды бөлүп биздин балдарды тарбиялоого салым кошуп келип отурасыздар. Мындай биргелешкен иштер келечек муундарын алга эле жетелейт го деп ойлойм. Мектептен мугалим, үйдөн ата-энелер колдон келишинче тарбия берип жатабыз. Сиздер да туура тарбиялоого багыт берип жатканыңыздарга чоң рахмат.

**Райымова Г.:-** Сиздердин бул жүргүзүп жаткан иштериңиздер алгылыктуу иш экен. Кызга кырк үйдөн тыюу дегендей азыркы замандын балдарын баарылап тарбиялаш керек болуп калды го. Балдарды тарбиялай турчу ата-энеге да билим керек болуп калды. Ал билимди бизге сиздер берип, туура багыт көрсөтүп жатасыздар. Ушундай жолугушуулар көп өткөрүлүп турса жакшы болот.

Жогорудагыларды угуп чогулуш токтом кылат:
Токтом:

1. КРнын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы №390 токтомуна ылайык зордук зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын алуу иштери жүргүзүлсүн. Зордук зомбулук байкалган учурда 112 байланыш номерине чалуу тааныштырылсын.
2. Балдардын мектептен кийинки убактысын көзөмөлдөө ата-энелерге милдеттендирилсин.

Мектеп директору: ________ Саякбаева Н.Ш.

Катчы: ________ Мухамбет кызы А.

01-28/22
15 02 2022-ж/г.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин “Зордук зомбулук боюнча түшүндүрүү иштери жана алдын алуу” боюнча ата-энелерге, окуучуларга жана мугалимдерге өткөрүлгөн жыйналыштын протоколу.**

Жерге-Тал айылы

Числосу: 14. 02. 2022

Саякбаева Н.Ш. – мектеп директору

Темиров К. – Ак-Талаа райондук БИИ нин инспектору

Мухамбет кызы А. – уюштуруучу

Касмалиева А.Т. – Соц педагог

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Зордук зомбулуктун алдын алуу

**Темиров К.** : - Саламатсыздарбы урматтуу мектеп окуучулары. Биз окуучулардын арасындагы зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында жолугушуп отурабыз. Зомбулук балдардын тагдырына балта чабат. Алардын жашоосуна жана саламаттыгына терс таасир тийгизгенден тышкары, зомбулук балдардын эмоционалдык абалына жана келечегине да чоң коркунуч жарататЗомбулук муундан муунга өтүшү мүмкүн. Себеби зомбулукту көргөн балдар муну кадыресе көрүнүш катары кабылдашы ыктымал.
Кыргызстанда балдарга карата катаал мамиле жана зомбулук кеңири жайылган көрүнүш жана түздөн түз балдар укуктарын бузууда.
Өтө көп балдар үйдө, альтернативалык мекемелерде, мектептерде жана абактарда зомбулуктун түрдүү формаларынын курмандыгы же күбөсү болуп калууда. Үй-бүлөдө сабоо көрүнүшүнө тыюу салынбай жатат. Мугалимдер жана курдаштары тарабынан опузалоо Кыргызстандагы балдардын мектепке барбай коюусунун негизги себеби болуп саналат. Мектептеги зомбулук жана рэкет өлкөдөгү жаштар арасында зомбулуктун санынын өсүшүнүн бирден бир себеби, мунун натыйжасында окуучулар арасында өз өмүр кыйган учурлар катталууда. Ошондуктан зордук-зомбулуксуз жашоодо жашаш үчүн улуусу кичүүсүнө үстөмдүк мамилени токтотуп, калыс мамиле кылыш керек.

**Саякбаева Н.:** - Зордук-зомбулукка туш болгон бала өмүр бою ичинде наразычылык сезимдерин топтой берет. Аракка берилип, кылмыштуу дүйнөгө аралашып кеткен учурлар көп кездешет. Анткени алар мындай жүрүм-туруму менен коомдон өч алгысы келет. Аларда "эмнеге башкалардын балалыгы жакшы болгон, эмнеге меники зомбулукта

өткөн?" деген сезим бар. Ошентип алар коомдон өч алгысы келет, кылмышкерлер, аракечтер, баңгилер чоңойот. Эгерде турмуш курса ажырашуулар болушу мүмкүн. Анткени балдар бири-бири менен туура сүйлөшкөндү, мамиле түзгөндү билбей, алар үчүн уруп-сабоо, кыйкыруу, жаман сөз айтуу көнүмүш адат болуп, тынч жашоону элестете албай калышат. Ата-энесинин жаман адаттарынын баары кийин баланын жашоосунда кайталанып, чынжыр сыяктуу айланып турат. Коомдогу көп бактысыз адамдардын катмарын балалык кезде зомбулук көргөндөр түзөт. Өзүнө-өзү ишенбеген, бактысыз, наразы адамдар көбөйүп, психологиялык гана эмес, физиологиялык да оорулар пайда болот. Ал тургай онкологиялык оорулардын таржымалы да кээде зомбулукка барып такалат. Ушундай абалда калбаш үчүн ар бирибиз өз түшүнүгүбүздө зомбулукка каршы күрөшсөк жакшы болот деген ойдомун.

**Касмалиева А.:** - Кодулоонун же мушташтын күбөсү болгондо, же ал тууралуу билип калганда окуу жайдын кызматкерлери ошол замат кийлигишиши керек, зарыл болгондо, жардамга сакчыны же кесиптештерин чакырышы керек. Негизги милдет – тараптарды ажыратуу, зомбулукту токтотуу жана, зарыл болгон учурда, жабырлануучуга алгачкы медициналык жардам көрсөтүү. Окуучулар да ушундай кылышы керек – дароо чоң кишилерге маалымдоо, катышуучуларды зомбулукту токтотууга чакыруу, мушташкандарды ажыратуу, эгер бул анын коопсуздугуна коркунуч жаратпаган болсо.

Өтө көп учурларда курмандыктар социалдык стигмадан жана айлансындагылардын басымынан улам зордук-зомбулук болгон учурлар тууралуу айтышпайт. 2014-жылы Кыргызстада 20-49 жаш курактагы аялдардын болжол менен 13% 18 жашка толо элек кезинде турмушка чыгышкан (элет жергесинде 14.6%). Бойго жете элегинде турмуш курган келиндер кош бойлуулук болгондо ден соолугу начарлайт. Ошондой эле мындай кыздар жолдошу тарабынан эмоционалдык жана психологиялык зордук-зомбулука кабылат.

**Мухамбет кызы А.:** - Зордук-зомбулук бул үй-бүлөдөгү тарбиядан келип чыгат. Ата-эне ичип келип жанжалдашат. Күндө уруш жанжал болуп, ал үй-бүлөгө жаман таасирин берет. Ал эми ичкилик болсо акча жоктугунан же жумушсуздуктан келип чыгат. Азыркы учурда адамдар мамлекет иш бербесе мен эмне кылам деп жеңил ишке өтүп кетишет. Бир

күндүк тамак аш үчүн кандай жаман ыплас иштерге барат. А сен өзүң иштемчил инсан болсоң жоктон барды жасайсын. Үй-бүлөгө камкор ата, камкор эне болосуң. Зомбулук балдардын тагдырына балта чабат. Алардын жашоосуна жана саламаттыгына терс таасир тийгизгенден тышкары, зомбулук балдардын эмоционалдык абалына жана келечегине да чоң коркунуч жаратат.

Зомбулук муундан муунга өтүшү мүмкүн. Себеби зомбулукту көргөн балдар муну кадыресе көрүнүш катары кабылдашы ыктымал.

Кыргызстанда балдарга карата катаал мамиле жана зомбулук кеңири жайылган көрүнүш жана түздөн түз балдар укуктарын бузууда.

**"Зордук зомбулуктун алдын алуу" боюнча окуучуларга өткөрүлгөн жыйналыштагы маселени карап чыгып төмөнкүдөй токтом кылат.**

1. Жогорку класстарда зордук-зомбулуктун алдын алуу темасында тарбиялык сааттарөтүлсүн жана өтүлүүсүн тарбия завуч көзөмөлгө алсын.
2. Балдардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү соц педагогго милдеттендирилсин.

Мектеп директору: ____________ Саякбаева Н.Ш.

Уюштуруучу : ____________ Мухамбет кызы А.

01-28/21
«15» 02 22 г.

**Итикул Молдобаев атындагы орто мектебинин “Рекетчилик боюнча түшүндүрүү иштери жана алдын алуу” боюнча ата-энелерге, окуучуларга жана мугалимдерге өткөрүлгөн жыйналыштын протоколу.**

Числосу: 17-01. 2022 Жерге-Тал айылы

Саякбаева Н.Ш. – мектеп директору

Темиров К. – Ак-Талаа райондук БИИ нин инспектору

Мухамбет кызы А. – уюштуруучу

Касмалиева А.Т. – Соц педагог

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Рэкетчиликке каршы күрөшүү

Саякбаева Н.Ш. : - Саламатсыздарбы урматтуу окуучулар. Бүгүн мына силерге Ак-Талаа районунун ички иштер бөлүмүнүн өспүрүмдөр менен иштөөчү адистери келип рэкетчилик, анын зыяны жөнүндө лекция окуйт. Көңүл коюп угуп, айткан сөздөн жыйынтык чыгарасыңар деп ойлойм. Биздин мектепте рэкетчилик жок, буга чейин катталган эмес жана ушул темпте кетүү үчүн улуу балдар кичүү балдарды ызаттап, кичүүсү улуусун урматтасак эле ийгилик биз тарапта болот.
Кадыров С. : - Рэкетчилик - бул адам же уюм "рекет" менен алектенген кылмыштуу иш. Рэкет - кылмышкер опузалап талап кылуунун кандайдыр бир түрү менен ошол көйгөйдү чечүү максатында башкаларга көйгөй жаратат. Рэкет менен алектенген адам же уюм рэкет деп аталат. Рэкетчилик 1920-жылдардын алгачкы күндөрүнөн баштап эле ар дайым топтошкон адамдар жана уюшкан кылмыштуулук менен байланыштуу болгон.

Мектеп рэкеттеринен запкы тарткан айрым гана учурлар коомчулукка белгилүү болуп сотко жетпесе, көп учурларда запкы жеген окуучулардын өздөрү ата-энесине да айтпай жашырышат дейт байкоочулар. Кыргызстандагы мектеп рэкетчилиги көп жылдардар бери коомчулуктун көңүл чордонундагы көйгөйлөрдүн бири. Буга чейин мектеп окуучуларынын бири-бирин тоноо аракеттери массалык мушташка чейин жеткен учурлар дагы катталган.

Мухамбет кызы А.: - Жалпы билим берүү мекемелеринде рэкеттин пайда болушунун эң негизги себептерине төмөнкүлөр:
1) үй-бүлөдөгү тарбиянын жетишсиздиги, көр оокаттын айынан көп иштеген жана чет өлкөлөргө чейин акча табуу максатында кеткен ата-энелердин баласынын жүрүм-турумун көзөмөлдөй албагандыгы, балага толук кам көрө албагандыгы;
2) өспүрүмдөр арасында өз ордун табуу аракети. Өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын кызматкерлери, мугалимдер жана балдардын өздөрү белгилегендей, рэкетчилик өспүрүмдөрдүн кээ бирлери үчүн өзгөлөрдөн кыйындыгын, артыкчылыгын шарттаган түшүнүк катары бааланат. Окуучулардын айтуусу боюнча рэкетчилик өспүрүмдөр арасында бийлик үчүн күрөш, башкаларга үстөмдүк кылуу, коркутуу, «тандамал чөйрөгө» кирүү, назарга илинбей калуу коркунучунан келип чыгат;
3) рэкетчиликке кабылган балдар мугалимдерге, ата-энелерине ишеним артышпайт, себеби көп учурда чоң кишилер мындай маселени чечүүдө катаал, чогоол иш жүргүзүү менен рэкеттин курмандыгын ашыкча коркунучка дуушар кылышат;
4) мектепте рэкет бар экендигин билип турушса да элге таралып кетүүдөн жана кошумча

көйгөйлөрдөн («алда неме болуп кетет») корккон мугалимдердин унчукпай коюусунда; ата-энелер балдарынын саламаттыгы үчүн коопсузданып («балага мындан да жаман болбосун») деп кооптонушканда; балдардын өздөрү кемсинтүүдөн, уруп-согуудан коркуп унчукпай коюусунан улам жазасыздык күчөйт. Доочуну ашып кетсе, жашы жете электердин иши боюнча бөлүмүнө каттоого коюшат, көбүнчө жоопкерчиликтен бошотуп коюшат. Балдардын айтуусу боюнча, мектеп жетекчилерине рэкетчини тарбиялап түзөтүүдөн көрө, башка окуу жайына которуп жиберип, кутулуу оңой;

5) окуучулардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык абалынын ар түрдүүлүгү;

6) бош убактыларын туура пайдалануу уюштурулбагандыгы. Форумдардын көпчүлүк катышуучулары белгилегендей, рэкетчиликтин негизги себептеринин бири болуп, балдар бош убактысында эч нерсе менен алектенбегендиги, өкмөт тарабынан каржыланган ийрим жана секциялардын жокко эсе экендиги эсептелет;

7) криминалдык чөйрөнүн таасири көбөйгөндүгү кооптондурууда;

8) балдардын өз укуктарын коргоо механизмдерин билбегендиги, өзү теңдүү өспүрүмдөргө, ал өзүнөн алсыз болсо да, каршы тура албагандыгы;

9) өсүп келе жаткан муунду тарбиялаган мекемелердин мамлекет тарабынан жетишсиз каржыланышы, мугалимдин коомдогу төмөн макамы;

10) оюн-зоок мекемелердин көптүгү жана балдардын жаш өзгөчөлүгүнө карабай эшиктеринин ачыктыгы;

11) мыйзам чыгаруу базасынын начардыгы («мыйзамдар бар, бирок алар иштебейт»);

12) ювеналдык юстициянын жоктугу.

**“Рэкетчиликтин алдын алуу” боюнча окуучуларга өткөрүлгөн жыйналыштагы маселени карап чыгып төмөнкүдөй токтом кылат.**

1. Рэкетчилик боюнча тарбиялык сааттар 5-11-класстарга тлсн кзмлд жагы уюштуруучу Мухамбет кызы Асемге мидеттендирилсин.
2. Өспүрүмдөр арасындагы рэкетчиликтин алдын алуу жагы балдар уюму Кудайберди уулу Калыбайга жүктөлсүн.

Мектеп директору _______________ Саякбаева Н.Ш.

Уюштуруучу _______________ Мухамбет кызы А.